DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

*Мурат кызы Н.*

# ТАЛАС ОБЛУСУНУН МАДАНИЙ-ТААНЫП БИЛҮҮ ТУРИЗМИН УЮШТУРУУ ҮЧҮН ТАБИГЫЙ ГЕОСИСТЕМАСЫ ТАРАБЫНАН БАА БЕРҮҮ

*Мурат кызы Н.*

# ОЦЕНКА ПРИРОДНОЙ ГЕОСИСТЕМЫ ДЛЯ ОРГАНИЗАЦИИ КУЛЬТУРНО-ПОЗНАВАТЕЛЬНОГО ТУРИЗМА В ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

*Murat kyzy N.*

# ASSESMENT OF THE NATURAL GEO-SYSTEM FOR THE ORGANIZATION OF CULTURAL AND COGNITIVE TOURIZM IN THE TALAS REGION

*УДК: 338. 482. 2*

*Бул изилдөө ишинде Талас облусунун аймагында туризмди өнүктүрүүнүн геоэкологиялык шарттарына талдоо жүргүзүлгөн. Маданий-таанып билүү туризмин уюштуруу үчүн аймактын ар кандай кооз эстеликтери жана жаратылыштын табигый элементтеринин экологиялык потенциалын баалоо үчүн ар бирине мүнөздөмө берилген. Талас облусу Кыргызстандын башка облустарына салыштырмалуу туристтер аз келүүчү облустун катарына кирет. Себеби бул өрөөн бийик тоолордун ортосунда жайгашкан өрөөн. Бирок Талас облусу өзүнүн көптөгөн кызыктуу тарыхый баалуулуктары менен келген туристтерге танкаларлык маанай тартуулай алат. Аларды атап кетсек: Манас Ордо комплекси, Беш-Таш жаратылыш паркы, Арал жаратылыш паркы, Кен-Кол жайлоосу, Киров суу сактагычы, Таштар-Ата суу сактагычы, Үрмарал капчыгайы, Ч. Айтматовдун Шекер айылындагы музейи. Ушул маданий эстеликтери тууралуу маалымат берилет.*

***Негизги сөздөр:*** *жаратылыш, жаратылыш паркы, тарыхый туризм, эстеликтер, эпос, капчыгай, өрөөн.*

*В данной исследовательской работе проведен анализ геоэкологических условий развития туризма на территории Таласской области. Дается характеристика всему экологическому потенциалу природы для организации культурно-познавательного туризма, и оценка природных элементов на территории различных живописных памятников. В Кыргызстане Таласская область входит в число наименее посещаемых туристами областей, по сравнению с другими областями. Географическая расположение области посреди высоких гор. Обладающая многими интересными историческими ценностями Таласская область оставляет неизгладимое впечатление. Если перечислить, то это комплекс "Манас Ордо", природный парк "Беш-Таш", природный парк "Арал", Кен-Кульское джайлоо, Кировское водохранилище, Таштар-Атинское водохранилище, ущелье Урмарал, Музей Ч.Айтматова в селе Шекер. Также в статье предоставлена широкая информация о культурных памятниках.*

***Ключевые слова:*** *природа, природный парк, исторические памятники, туризм, эпос, ущелье, долина.*

*In this research work, an analysis of the geo-ecological conditions of tourism development in the territory of Talas oblast was carried out. It describes the full ecological potential of nature for cultural and cognitive tourism, and assesses the natural elements on the territory of various artistic monuments. In Kyrgyzstan, Talas oblast is one of the less visited regions compared to other oblasts. The geographical location of the area in the middle of the high mountains. Having many interesting historical values, Talas region leaves an indelible impression. If to enumerate, it is complex "Manas Ordo", natural park "Besh-Tash", natural park "Aral", Ken-Kul Jailoo, Kirov reservoir, Tashtar-Ata reservoir, gorge Urmaral, Museum of Ch.Aitmatov in village Shecker. The article also provides extensive information on cultural monuments.*

***Key words:*** *nature, historical monuments, epos, natural park, tourism, gorge, valley.*

**Киришүү.** Талас облусу – Кыргыз Республикасынын эң кичинекей аймактарынын бири, Кыргызстандын түндүк-батыш бөлүгүндө жайгашкан. Ал Кыргыз Ала-Тоо тоо өрөөнүн жана Талас өрөөндөрүн ээлейт. Түндүгүнөн жана батышынан Казакстан Республикасы (Жамбул облусу) менен, түштүгүнөн Жалал-Абад, чыгышынан Кыргызстандын Чүй облустары менен чектешет. Областка негизги жеткиликтүүлүк Казакстан аркылуу, Тараз шаарынын өнөр жай борбору аркылуу ишке ашырылат. Талас облусу аймагынын аянты кичине болгондугуна карабастан өзүнүн кооз жаратылышы жана экологиялык жактан таза абасы менен айырмаланат. Облуста көптөгөн тарыхый эстеликтер жана кооз жаратылыш паркын аны менен бирге ар кандай жаратылыш элементтерин кезиктирүүгө болот.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45




**«Манас Ордо» улуттук комплекси.** Кыргыз элинин сыры жана тарыхы сакталган «Манас Ордо», ал эми улуттук тарыхый-маданий комплекс болуп "Манас-Ордо эсептелет". Бул жер жөнүндө көптөгөн уламыштарды жергиликтүү эл шыктануу менен айтып берет. Өзүнүн касиети менен да өзгөчөлөнөт, мисалга алсак: болоттой бекем адам да бул жерге келгенде боздоп ыйлайт деп айтылат. Талас жергеси өзүнүн тарыхын, материалдык руханий маданияттын ар кандай түзүлүштө берилген эстеликтеринде сактайт. Бирок Талас өрөөнүнүн бардык эстеликтери элдин энчиси болгон эмес. Алардын ичинен азыркыга чейин такталбай, жаратылыш ландшафтарынын негизинде өзгөрүп, толук изилдөөгө мүмкүн болбой, айрым эстеликтер жашырылып калган. Облуста жайгашкан тарыхый эстеликтер көпчүлүк учурда, адамдардын көнүлүн өзүнө бура бербеши мүмкүн, себеби эстеликтердин тарыхын толук билгенден кийин гана анын канчалык денгээлде баалуу жана маанилүү экенин билүүгө болот. Уникалдуу болгон эн негизги Манастын күмбөзү улуттук «Манас Ордо» комплекси жайгашкан. «Манас Ордо» комплекси жана Манастын күмбөзү – кыргыз маданиятынын руханий баалуу энчиси болуп саналат. Комплекстин негизги объектиси болуп Манастын күмбөзү эсептелет. «Манас» эпосу – кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхынын алтын казынасы. Бул чыгарма элибиздин руханий табылгаларынын алгылыктууларын, басып өткөн тарыхый жолунун орчундуу окуяларын чогултуп, укумдан-тукумга өтүп келген улуу мурасы, улуттун сыймыгы. Кыргыз эли Манастын миң жылдыгын өткөрүүдө адамзаттын дүйнөлүк маданиятына «Манас» эпосун жаратуу менен чоң салым кошту деп сыймыктануу менен баса белгилесек болот. «Манас» эпосу дүйнөдө тендешсиз зор көлөмдүү көркөм чыгарма. Манасчы Саякбай Каралаевдын оозунан жазылып алынган эпостун «Манас», «Семетей» жана «Сейтек» үч бөлүмүнүн жалпы көлөмү 500 миң сап ырды түзөт.

**Манастын ташка калтырган издери "Арал" жаратылыш паркы**



Арал айылы деңиз деңгээлинен 1460 метр бийиктикте, Талас шаарынын облустук борборунан 43 км аралыкта жайгашкан. Арал айылынын жашоочулары туристтерге жөө жүргүнчүлөр, ат туризми үчүн, кереметтүү жаратылыш тоолуу ландшафттарын кароо менен көптөгөн кызыктуу маршруттарды сунушташат. Маршруттун башталышы "Мазар-Булак" Эчкилүү тоонун этегинен башталат. Манас эпосунда айтылгандай ушул тоонун тоо чокусунда Манас атанын сөөгү коюлган деп айтылат.





Ошондой эле Арал айылынын жанында "Теке-Таш" жергеси, бөтөнчөлүгү жана өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Мисалга алсак тоо таштарга ар кандай сүрөттөрдүн түшүрүлүшү, ошол тоо таштарда ар кандай жапайы жаныбарлардын берилиши эң кооз көрүнүштү түзүп турат. Мындан тышкары бул тоо массивинин көпчүлүк бөлүгү көптөгөн аскалуу сүрөттөрдү түзөт. Алар негизинен "Теке-Таш" деп аталган аймактарда жайгашкан.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45





Тарыхчылардын корутундусу боюнча, ташка калтырылган бул тарыхый эстеликтер биздин доордун башында турат. Мындан тышкары, бул өрөөнүндө 85х95 метр байыркы шаардын калдыктары бар деген божомолдор айтылып келет.

**«Беш-таш» мамлекеттик жаратылыш паркы.** 30 чакырымга созулган парк Таластын түштүгүндө 25 чакырым аралыкта орун алган. Табигый зона 32 миң гектарды ажайып кооз жерди ээлейт. Өсүмдүк-жаныбарлардын укмуштай түрү Талас облусунун булуң бурчун кайталангыс кылып турат. Мында миңден ашык өсүмдүктүн түрү өсөт жана сейрек кездешүүчү жаныбарлар бар. Улуттук парктын аймагында деңиз деңгээлинен 3000 метр бийиктиктеги Беш-Таш көлү бул жердин көркүнө көрк кошуп турат. Беш-Таш жаратылыш паркынын өзгөчөлүгү музыкалуу кооз жаратылышта боз үйлөр тигилип чакан шаарчалар жайгашып көркүнө көрк кошуп турат. Туристтер үчүн жөө жүрүү, ат үстүндө жүрүү экзотикалык туризм сунушталат. Бул учурда туристтер таза аба, жайкалган жашыл айлананы, бийик аска зоолорду, ак калпактуу тоолорду, үйүр-үйүр жылкыларды жана ар кандай жапайы жаныбарларды көрүүгө болот.

**Беш-Таш тоо көлү**



Чыдамкайлуу жана күчтүү туристтер үчүн суу бойлоп бийик көтөрүлгөндө башкача айтканда деңиз деңгелинен 3000 метр бийиктикте жайгашкан "Беш-Таш" тоо көлү жайгашкан. Бул көл Талас жергесинде эң ири жана өтө кооз тоо көлдөрүнүн бири болуп саналат. Бул көлдөн төмөн дагы бир чакан көл жайгашкан. Көлдүн бетинин аянты 1 км түзөт. Табигый жол менен пайда болгон көлдөрдүн катарына кирет. Бул көлдөрдүн суусу тузсуз таза, мөңгүлөрдөн жана дарыялардан келген суудан куралат да кайра бир гана Беш-Таш суусу агып чыгат. Бул дарыяда жашаган балыктар өзүнүн даамдуулугу менен айырмаланат. Жай айларында тоо этегиндеги жайыттарда боз үйлөр тигилип, чабандар малдары менен көчүп келишет. Беш-Таш суусунун жогору жагында "Беш-Каракчы" чоңчоң беш таш жайгашкан. Бул Беш-Каракчы тууралуу уламыштарда өздөрүнүн кылган ишине байланыштуу ташка айланып калган деп айтылып жүрөт.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45





**Беш-Каракчы**

**Айкөл Манастын мекени болгон Кең-Кол жайлоосу.** Кыргыз Ала-Тоонун түштүк капталдарында эки тоо кыркасынын ортосунда Кен-Көл өрөөнү жайгашкан. Кең-Кол өрөөнүнүн жаратылышы негизинен өзгөчө жана уникалдуу болуп саналат. Мисалы, тоодон шаркырап аккан суулар, ак-кайың аралашкан токойлор, жакын турган бийик тоолор жана ошол бийик тоодо өскөн өсүмдүктөр өрөөндүн көркүнө көрк кошуп урат.

Бул кооз өрөөндүн негизги баалуулуктары болуп тарыхый археологиялык эстеликтер эсептелинет. Ар кандай эстеликтеринин арасында өзгөчө орунду дөбөлөр, таш балбалдар жана аска бетиндеги сүрөттөр ээлейт. Мындан тышкары ондон ашык арап жана түрк тилдеринде ташка жазылган эстеликтердин түрүн көрүүгө болот. Бул тарыхый эстеликтер жана ташка бастырылган жазуу тамгалар биздин эрага чейинки VII кылымга түрк каганатынын орношуу мезгилине таандык. Кең-Кол тууралуу Манас эпосунда өтө кооз өрөөн экендиги тууралуу дагы айтылат.

**Киров суу сактагычы.** Суу сактагыч Талас суусунун нугунда курулган. Негизинен сугатчылыкта пайдаланып, ошол жердин ишканаларын суу менен камсыз кылат. Суу агымын сезон боюнча жөнгө салып турат. Узундугу 14 км, эң жазы жери 3 км, эң терен жери 72 м, суу толгондогу аянты 28,6 км$^2$. Сыйымдуулугу 550 млн м$^3$. Талас обл-нын 142 миң га жерин, Казахстандын айрым райондорунун 60 мин га жери сугарылат. Плотинасынын уз 258,5 м, эң бийик жери 83,7 м. Гидротехникалык курулушу татаал. Өлкөдөгү контрфорс тибиндеги курулган тунгуч плотина. Бири-бирине тутумдашкан 10 болуктон турат (ар биринин туурасы 22 м). Бул суу сактагыч дагы өзүнүн уникалдуулугу жана кооздогу менен айырмаланат. Суу сактагычтын айылга жакын жеринде атайын сууга түшүүчү плящдагы курулган.

**Кызыл-Мойнок аралы (Киров суу сактагычы)**



DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



**Үрмарал капчыгайы.** Капчыгай "Беш-Таш" улуттук паркынын аймагында жайгашкан. Анын боюнда бийик тоолорду аралай күргүштөгөн дарыя агат. Тилекке каршы, мында рафт менен түшүү мүмкүн эмес, ошентсе да ат үстүндө сейилдеп, капчыгайдын булуң-бурчун таанып, мүйүздүү байыркы айбанаттын жана араб кол тамгасы түшүрүлгөн петроглифтерге чейин жетсе болот. Кененирээк айтсак Үрмарал капчыгайы Талас Ала тоосунун түндүк капталдарында жайгашып, өзүнүн кооз жана өзгөчө бай табияты менен айырмаланып турат. Капчыгай түбүндө тал теректерди аралап, таштан ташка тийип шаркырап Үрмарал дарыясы агып өтөт. Бул дарыяга 207 суу куят, алардын ичинен эң ирилери болуп Беш-Көл, Чийим-Таш, Кара-Коюн эсептелинет. Дарыянын суусунда осман, марин ка, форель балыктары кездешет. Ошондой эле дарыянын жээгин бойлото токой өсүп турат. Бул токойлордун арасында Скрябин, боярышник, ит мурун, тоолуу малина, карагат жана башка мөмөлөр жолугат. Жаныбарлар дүйнөсү сүт эмүүчүлөрдүн 42 түрүн, канаттуулардын 165 түрүн, сойлоочулардын 14 түрүн, жерде сууда-сууда жашоочулардын 3 түрүн, балыктын 18 түрүн камтыйт. Кара-Коюн дарыясынын төрүндө Кара-Коюн үнкүрү кездешет. Бул үнкүр тарыхый эстелик катары гана сакталып калган жана ал жакка барууга эч кандай шарт жок. Бул жерге келип кеткен ар бир туристтин оюнда Кең-Кол өрөөнү маданий оюн-зоок иш чараларын өткөрүүгө абдан ыңгайлуу жер экенин дайыма маалымдап жүрүшөт. Өрөөндүн киреберишинде эпикалык панорма жайкалган жашыл өрөөн Кара-Коюн сүттөй аппак шаркырап аккан дарыя суусу, асман тиреген бийик чокулары көркүнө көрк кошуп турат. Үрмарал капчыгайынын жагымдуулугун ажыратылгыс бөлүгү кол жазмалары бар байыркы тарых эстеликтери түзөт. Бул тарыхый аска бетине жазылган чийимдер төмөнкүлөрдү камтыйт: маданий ырым жырымдар, жалгыздык жана топтук сүрөттөр жана жаныбарларды. Бул жерде калтырылган аска бетиндеги чийимдер өз убагында негизги маданий тарыхый мааниге ээ болушкан. Чийимдер согдиалык тилде жазылган. Согдиалык тил бул дңйнөлүк тилдердин катарына кирген, убагында борбордук Азия жана Чыгыш Түркстандын биздин доорго чейин III-IV кылымдарга таандык. Мындан тышкары, бул капчыгай аркылуу Сары-Челек көлүнө туристтик маршрут башталат. Бул туристтик маршрутту авто унаа менен басып өтүүгө да болот.

**Маданият айылы – Үрмарал капчыгайы – Чийим –Таш ашуусу – Кара-Кулжа ашуусу – Сары Челек көлү.**

**Адабияттар:**


1. Сыдыков К.С., Чодураев Т.М. Экономическая география Кыргызской Республики. / Окуу китеби. - Бишкек, 2009.
2. Алиев З., Байгуттиев С. Таласская долина. / Окуу китеби. - Бишкек, 2011.
3. Дудашвили С.Д. Туристские ресурсы Кыргызстана. / Окуу китеби. - Бишкек, 2004.
4. Бобушев Т.С. Чонтоев Д.Т. Культурная география Кыргызстана. / Окуу китеби. - Бишкек, 2016.
5. Жыргалбеков Т. «Кыргызстандын туризминин негиздери». / Окуу китеби. - Бишкек, 2012.
6. https://kmb3.kloop.asia/2014/10/24/talastagy-manas-ordo-taryhyj-kompleksi/ Таластагы «Манас Ордо» тарыхый комплекси.
7. Булак: http://students.com.kg/?p=369 Студенттик портал.